***УДК: 821.512.154.***
***DOI: 10.35254/bhu/2021.58.16***

***Жумаканова Э. М.,***
*К. Карасаев атындагы БМУ*

## Ш. ДҮЙШЕЕВДИН АЛГАЧКЫ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖАНА АЛ МЕЗГИЛДЕГИ АДАБИЙ ПРОЦЕССТЕГИ АБАЛ

***Кыскача мазмуну***

*Макалада Ш.Дүйшеевдин алгачкы чыгармачылык жолу, ырлары далай элдин маданий-эстетикалык өнүгүүсүнө тикелей каршы турган коомдук түзүлүштү, кайдыгерлик, турмуш-тиричиликти сүрөттөө менен ачыкка чыгаргандыгын талдоого алынды. Адабий процесске резонанс жараткан ырлары, жаңылыгы жана чыгармачылыгынын калыптануусу, өнүгүүсү, чыгармаларына айтылган сын-пикирлер тууралуу сөз болот. Ш. Дүйшеевдин баарынан алга оозуп чыгууну каалаганын өз поэзиясына көркөм сөздүн мыкты үлгүлөрүнөн пайдаланып, аларга таянып лириканын көөнөрбөс тибин табууга киришип, көзү менен көрүп өзү аралашкан турмуштан пендечиликтин жорук-жосунунда ачылчу адеп-ахлактын элементтерин издөө менен алектенгенин ушул макаланын автору ачык көрсөткөн. Автордун оюу боюнча, Ш.Дүйшеевдин ырларында берилген реалдуу турмуштук көрүнүштөр - кыргыз элинин кадимки күнүмдүк тиричилигинен тартып улук катары кайрадан калыптануусуна кедергисин тийгизип жаткан коомдук-турмуштук факторлор.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *поэтикалык дүйнө, көркөм дүйнө, жаңыча ойлонуу, адабий табылга, жаңычыл көз караш, резонанс, жеке дүйнө кабылдоо, акындык шык, акын, көйгөй.*

## РАННЕЕ ТВОРЧЕСТВО Ш. ДУЙШЕЕВА И СОСТОЯНИЕ ЛИТЕРАТУРНОГО ПРОЦЕССА ТОГО ВРЕМЕНИ

***Аннотация***

*В статье анализируется ранний творческий путь Ш.Дуйшеева, акцентируется внимание на том, что поэт через свои стихи раскрыл противоречия в общественном устройстве, быте, социальном положении, которые прямо*

*противостоят культурному и эстетическому развитию народа. Стихи поэта, перекликающиеся с литературным процессом, показывают трудный путь становления, развития его раннего творчества, которая подвергалась резкой критике его произведений, со стороны цензоров. Автор данной статьи попытался показать, что Ш.Дуйшеев – один из ярких поэтов своего времени, в творчестве которого стихотворная риторика достигала небывалого уровня. Он использовал в своей поэзии лучшие образцы риторики, неисчерпаемый тип лиризма, элементы нравственности в поведении человечества.*

***Ключевые слова:*** *поэтический мир, художественный мир, новое мышление, литературная новизна, инновационное мышление, резонанс, индивидуальное восприятие мира, поэтический навык, поэт, проблема.*

## SH. DUISHEEV'S EARLY WORK AND THE STATE OF THE LITERARY PROCESS AT THAT TIME

### *Abstract*

*The article analyzes the early creative path of the poet, the fact that his poems reveal the social structure, indifference, life, which directly opposes the cultural and aesthetic development of many peoples. Poems that resonate with the literary process, the novelty and formation, the development of his work, the criticism of his works. The article analyzes the early creative path of Sh.Duisheev, focuses on the fact that the poet, through his poems, revealed contradictions in the social structure, way of life, social status, which directly oppose the cultural and aesthetic development of the people. The poet's poems, echoing the literary process, show the difficult path of formation and development of his early work, which was subjected to sharp criticism of his works by censors.*

***Keywords***: *poetic world, art world, new thinking, literary novelty, innovative thinking, resonance, individual perception of the world, poetic skill, poet, problem.*

Ш.Дүйшеевдин балалык чагы өз замандаштарынан кескин айырмаланбайт. Анын балалыгы согуштан кийинки мезгилге туура келет. 10-классты эл катары бүтүп, элдин чарбасынын түрдүү жумуштарын аткарып - суу сугарып, кашар салып, кези келгенде армияга чакырылып, андан соң заводдо бетонщик, формовщик болуп, шаардын турмушун көрөт. Жан дүйнөсүн термелткен ар кыл лирикалык чыгармаларды чүйгөй шык-жөндөм да ушул жылдары түптөлө баштаган. Буга себеп XX кылымдын 50-жылдарынан тарта кыргыздын турмушу акырындап оңолуп, мындан ары бейкут жашоо болушуна өз кыялы менен ишенген ар бир социалдык чөйрө болуп турган ар бир жаңылыкты романтикалуу кабылдап, өзгөрүүлөргө эмоционалдуу мамиле кылганын адабий процесс аркылуу таанып-биле баштаганы болгон. Аны Ш.Дүйшеев: «Алгач менин ырга деген шыгым да, сүйгөн кызга кат жазуудан башталган» [1, 41-б.] деп эскерсе, анын чыгармачылыгын ойгонушуна реалдуу турмуштук чындык – жан дүйнөсүнө тынчтык бербеген кыз көңүлүн табууга дилгирленүү, махабатка жык толгон сезимди тоолук кызга арноо, кыздын көңүлүнө өзгөчө таасир калтыруу үчүн сөз берметтерин издеп кат жазуу, б. а. ички сезимин кат аркылуу билдирүү аракетин камтыган социалдык чөйрө ал мезгил үчүн салттуу көрүнүш эле. Ошондуктан акын мындай типтүү көрүнүштүн көркөм элесин «Каттар, каттар, сакталбаган, сакталган, каттар, каттар көкүрөккө жатталган…» деген саптар менен түшүндүрүүгө аракеттенет.

Экинчи жагы, сабаттуулуктун жогорку деңгээлге чыгышы кайсы тармакта болбосун билим алуу боюнча кызыкчылыкты өркүндөтүп, профессионал адис болуу талабын күчөткөн. Мындай көрүнүш көркөм адабиятка кызыккан чөйрөдө да маанилүү болчу. Кыргыз элинде табияттын көзгө көрүнбөгөн, кулакка угулбаган касиетин таап, аны адам баласына жеткирүү жөндөмү чыныгы акында гана болушу мүмкүн экендигин камтыган ой-пикир тээ байыртан калыптанып, ага шык-таланттан тышкары билим да керектигин далилдеген көз карашка ыр чүргөгөндөрдүн баары таасирленген заман XX кылымдын экинчи жарымында сересине жетсе, Ш.Дүйшеев да андан четте кала алмак эмес. Анткени адабий чыгармачылыкты толук өздөштүрүүнүн шарты дал ошондой эрежеге баш ийчү. Ошондуктан билимин өркүндөтүүгө кызыккан жаш калемгер жыйырма беш жашында КМУнун филология факультетине тапшырат. Бул учурда кыргыз элинде буга чейин болуп көрбөгөн таптакыр башкача түшүнүктөр калыптанып, атасынан же энесинен алган шыкты жогорку кесиптик билим менен жетилтүү мүмкүн экендиги жөнүндө концепция иштелип чыгып, көркөм адабиятты окутуу менен бийик деңгээлге ээ болот делген чөйрө түптөлүп калган эле. Дээринде кайталангыс чыгармачылыкка жетип, ыр түрмөгүн кагазга чиймелей турган кудуретине атадан балага мурасталып келе жаткан өзүнчө бир касиет же талантка шык кошуп жибербесе да, мындай социалдык чөйрө китеп сүйүүчүлөрдүн руханий кызыкчылыктарын бириктирип, кандай чыгарма жакшы болушу мүмкүн экенин түшүнүп-таанууга жеткиликтүү жол ачкан [2, 136-б.].

Реалдуу турмуштан, күнүмдүк жашоодон жан дүйнө менен гана сезүүгө мүмкүн болгон керемет көрүнүштү ыр саптарына эч ким кайталай албаган, ошол эле мезгилде эч кимди кайталабаган образдуулукта жайгаштыруу Ш.Дүйшеев сыяктуу ар бир жаш калемгердин тилеги болсо, адамдык маанайга таасир берүүчү пендечиликтеги түрдүү кубулуштарды чагылдыруу аракети социалдык чөйрө тарабынан кубатталып турган. Бир караганда жөн жай тиричиликтин бир бөлүгү катары көрүнгөн андай кырдаал болмушту тереңден баалап билүүгө дилгирленген акындык жан дүйнө менен кадыресе турмуштун өтмө байланышын түзүп, ырдын адам баласына таасир этүү кудуретин табууга жол ачканга ошол социумдун ролу зор болчу. Ш.Дүйшеевдин алгачкы чыгармачылыгын өзү тикелей аралашкан социалдык чөйрө менен бирге кароо өзгөчө анын лирикасын туура түшүнүүгө алып келет, б. а. окурман баалаган өзгөчөлүктү таап, аны адамдын

менталдык дүйнөсүнө реакция берип, популисттик кыялдарын нукура поэтикалык туундулар менен өлчөп, таасирдүү ырларды жазууга карата акындык өнөрүн сынап көрүүгө бел байлаган мыйзамченемдүүлүккө кабылат. Ошондуктан болсо керек, ал бир акындан өзүнө керектүү жагын алганга аракеттенет. Муну өз кезегинде байкаган К.Жусупов кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн айдыңында “Аккан сууну” жумалап айткан Жеңижоктой төкмө акындардын, меселдетип, насаатчыл дидактикалык поэзиянын кенчине айланган Калыгул, Арстанбектей актаңдайлардын, океандай “Манасты” түгөтө алышпаган сөз мүнүшкөрлөрү – Сагынбай менен Саякбайдын, тикенек сөздү тике айткан Жоошбай, Куйручук, Шаршен сындуу элдик куудулдардын, жазма поэзиянын классиктери аталышкан А.Осмонов, С.Эралиев жана башка таланттардын таасирин эске алып, Ш.Дүйшеевдин чыгармачылыгын ушул көп түрдүү камтыган улуттук поэзиянын “көрөңгөсүн” табат [3, 79-б.].

Поэзиянын өлбөстүгү акындын элестөөсүндө түптөлүп, окурмандын жүрөгүнө таасир этүүчү ойдун образдуулугу такталып, жан дүйнөсүн аралап өтүүчү сөз берметтери менен шөкөттөлүп, түбөлүктүү теманы жеке баам-туюм аркылуу ыр саптарына төгүп жиберген шартта ачылса, анын асыл наркын баалап-түшүнүүчү муун да ошол жылдары адабий процесстин өзөгүн кармап турганын айтпай коюуга болбойт. Ш.Дүйшеевдин артыкчылыгы менталдык туюмдан сызылып чыккан саптардын назиктигине шайкеш келүүчү куйкум сөздүн күчүнөн сарказм жаратып, коомдогу терс көрүнүштөрдү сатирага айландырып, айрым чыгармаларында учкул ойдун афористтик маанисин арттыруучу фольклордогу дидактикалык сапаттарды колдонуп, бал тамызгандай жагымдуу лирика жарата алган болсо, анын идеялык мазмунун илгиртпей түшүнгөн адабий процесс бар болчу. Ошондуктан Н.Капаров акындын чыгармачылыгы жөнүндө ой бөлүшкөндө: “Шайлообек - көп кырдуу талант, уникалдуу акын. Ал - Саякбайдай манасчы, Осмонкулдай дастанчы, Ысмайылдай жамакчы, Ысактай кошокчу, Жоомарттай өткүр, Мидиндей лирик, Байдылдадай талант, Райкандай төкмө, Алыкулдай сырдуу, Сагындай муңдуу, Ашымдай зергер, Салижандай таамай, Жалилдей өжөр, Рамистей тентек, Сүйүмбайдай жөнтөк, Турардай чынчыл, Жолондой эр жүрөк, Токтогулдай нуска, Пушкиндей сүрөткер акын” [4, 32-б.] экенин белгилейт.

Ашыра мактап жиберсе да пикирдин өзөгүндө чындык жашайт. Жогоруда аталган акындардын чыгармачылыгына мүнөздүү өзгөчөлүктү таанып, алардын ар бирине тиешелүү көркөм-эстетикалык наркын берип калган адабий процесс, жалпы эле поэзия сүйүүчүлөр Ш.Дүйшеевдин кимисине кайсы жерден окшошуп, кандай кырдаалда айырмалана турганын жакшы түшүнүп калгандыктан, окурмандардын сүймөнчүлүгүнө ээ болгон мазмунду колдошкону байкалат. Ага объективдүү таасирин тийгизген жагдай ошол мезгилдеги адабий процесстеги абал болуп эсептелет. Китеп сүйүүчүлөрдүн ошол жылдарда жогорку чекке жетиши адабий процессте болуп жаткан бардык кубулуштарга байкоо салып, поэтикалык чыгарманын мазмунунда көрүнгөн түрдүү идеялык-эстетикалык табылгаларды өз деңгээлинде ачып көрсөтүүгө жетишип калган шартта Ш.Дүйшеевдин калеминен жаралган ар бир ыр кыргыз окурманын кайдигер калтырмак эмес. Айрыкча чет элдик адабиятка болгон таасир күчүнө кирип, колуна калем кармап, ыр чүргөгөндүн кимиси болбосун жеке стили менен өз ырларын жаратууга маашырланган абалды ушул жылдарда көп кездештирсек, аны акын түшүнүп, башкалардын жакшы жактарын алууга аракеттенген болсо, анын мындай кыймылына адабий сын дайыма баам салып турган. Адабий процессте биргелешип көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдү издөө күчүндө турган ошол жылдары акындардын кимиси болбосун андай кырдаалдан пайдаланып, көркөм образдуулукту бере билүүгө умтулган учурда андай «синтетикалык жолду» издөө Шайлообекке да мүнөздүү болгон. Тагыраак айтканда, анын адабиятка келиши дал ушундай тенденция күчүндө турган мезгилге туура келгендиктен, кызыгуусу турмуш-тиричиликте кездешкен түрдүү окуялардан жаралган маанайды ыр түрмөктөрүнө айландырып, пендечилик жашоонун образдуу картинасын түзүүгө бел байлаган. Андай чыгармачылык адабий коомчулукта эмгектенген бардык калемгерге мүнөздүү болгондуктан, Шайлообек Дүйшеев өз замандаштарынын катарында акындык стихиясын көрсөтүүгө умтулуп, өзүнө кызык таасир калтырган айыл турмушун, элеттеги табиятты, анда эмгектенген адамдын образын чагылдырууга киришти. Ага биринчи таасир эткен жагдай - эл оозуна алынып, эртел-кеч дайыма гезит-журналдарда, радио-телевидениеде талкуунун чордонунда жүргөн акын замандаштарынын кыргыз поэзиясындагы жетишкендигин үйрөнүү – өзүнө таандык лирикалык каарманды түзүү болду. Бул тууралуу өзү: “Мен адабиятка адегенде фольклор аркылуу, андан кийин Алыкул аркылуу, андан кийин Омор, Жолон, Сүйөркул, Совет, Анатай, Сагындардан үйрөнүп, калыптанып калган кезде Байдылдага кайттым. Байкасанар менде ушул акындардын бардыгынын бир нерселери бар” – десе, аны андан ары жан дүйнөсүнө өз изин калтырган «Арабадагы ыр» жыйнагында орун алган адамдардын бейнеси дагы бир жолу ырастайт. Мында автор тарабынан берилген баа кийин, ал өзү баскан жолуна кылчая карап, жетишкени менен ошол эле мезгилде кем-карчын кайрадан бир аңдаштырууга тээ бала кездеги ойноок күндөр, аны менен кошо жетилген аң сезим, көңүлгө өз изин калтырган бала чак, окуучулук мезгил, аскер кызматы, студенттик учур, түрдүү басма сөздө эмгектенген жылдарда топтолгон элестер менен толукталды [5, 305-383-бб.].

Улам жыл өткөн сайын чыгармалыкка карата көз карашы калыптанып, көркөм элестөө өркүндөп, ою тереңдеп, жеке чыгармачылыгын бир окуган адам баамдап түшүнгүдөй өзүнө тиешелүү типтүү образ жаратуу керектигин туюнду. Балким чыгармачылыктын алгачкы жылдарында мындай образ түзүүгө көңүл бурбаса да, кыргыз турмушун автордук дүйнө кабылдоо менен көрсөтүү, ошол жашоодон айылдык пенденин таянган рухий табиятын, адеп-ахлак касиетин, туткан нарк-насилин, таянган нравасын, күткөн кадыр-баркын, жыйган дөөлөтүн бир каармандын айланасына топтоо керектигин түшүнгөн. Андай көрүнүш ошол жылдардагы адабий процессте кеңири орун алып, баары өзүнүн жеке стилинде акындык чеберчилигин көрсөтүүгө киришкен кырдаалга туура келет. Алдыңкы сапка чыгып, өзүнүн жеке дүйнө кабылдоосун окурман журтка сунуштай алгандардын катарында орун алгысы

келген Ш.Дүйшеев алар ийгиликке жеткен тематиканын баарында ыр жаратып, б. а. эл чарбасында кылган иши менен кепке алынгандардын иштерман элесин поэтикалык чыгармаларда түзүү бирге советтик адамдын пендечилигине өздүк дүйнө тааным баяндоого багыт алат. Ага акындын эмгек майданы тикелей байланышта турган газета-журналдарда иштеши маанилүү орунду ээледи. Өзгөчө анын Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз филармониясында эмгектениши көргөн-билгенин кантип образдуу лирикалык чыгарманын мазмунуна айландырууга зор көмөк көрсөттү.

Бул жылдары адабий процессте Ч.Айтматов башында турган акын-жазуучулардын көркөм-эстетикалык табылгаларын талдоо иштери жүрүп, адабий сын жана адабият таануу илими алардын ийгилиги эмне экенин далилдеп көргөзгөн учур эле. Башкысы ал учурда чыгарма жаратуунун «типтүү проблемалары» калыптанып, чыгарманын жазылышына таасир берген кырдаал да адабий коомчулук тарабынан аныкталып, кеп болуучу адабий каарман пендечиликтин вазыйпасы менен өлчөнүп, ал ар бир акынга өзүнө таандык типтүү образды жаратууга чакырык таштаган. Философиянын мындай түрү чыгарманын идеялык мазмунун пенденин коомдук-социалдык кызыкчылыктарынан алып чыгууга, кадимки турмуш поэтикалык туундунун көркөм дөөлөтү болушу керектигине жол ачкан. Баарынан алга оозуп чыгууну каалаган Ш.Дүйшеев өз поэзиясына көркөм сөздүн мыкты үлгүлөрүнөн пайдаланууга, аларга таянып лириканын көөнөрбөс тибин табууга киришип, көзү менен көрүп өзү аралашкан турмуштан пендечиликтин жорук-жосунунда ачылчу адеп-ахлактын элементтерин издөө менен алектенет.

Ал тез арада эле өздөштүрүп жиберүүчү кубулуш болбогондуктан, аны табияттын кооздугун сүрөттөө менен баштап («Аптап»), үйрөнчүк жылдарында лирикаларына ойдун маанисин жаратылыштын кооздугуна жайгаштырып, аны окуган адам жагымдуу пейзаждан пенденин ага болгон кумарлануусунан тартып акындык жан дүйнөсүн чыгармалары аркылуу («Сүйлөшкөнгө чейинки сөз») элге жеткирүү касиетин да мына ушул сапаттан көрөт. Окурмандын жан дүйнөсүнө ушундай формада таасир этүү б. а. ойду ыр саптарына жайгаштырууда кепте колдонуучу сөздүн логикалык дискурсту кыргыз элине кеңири таанылган уйкаштарда өркүндөтүү ошол жылдары адабий процессте күчүндө тургандыктан, ар бир акын аны чыгармачылыгында колдонуу усулу да Шайлообек Дүйшеевдин чыгармачылыгын («Арабадагы ыр») кыйгап өткөн эмес. Айланып өтүүгө да мүмкүн болбогон мындай кырдаал акынга кыргыз калкына тиешелүү турмуштук материалды бир каармандын айланасына топтоого алып келди. Алгачкы мезгилде эле мындай «типтүү каарманды» иштеп чыгууга, анын «пендечилигин» ар тараптуу карап, психологиясын ырларында так жана көркөм чагылдырууга мүмкүн болбосо да, элет турмушун аңдаштыруу менен жазган ар кыл тематикадагы лирикалары акындын изденүүсү андагы адабий процесстен алыстабаганын көрсөтөт. Дайыма түйшүктө жүргөн автордук аракеттер окурманга коомдун күрөө тамырында жүргөн көйгөйлөрдүн тегерегинде дайыма ойлонууга, б. а. өзү бир учурда белгилегендей, табиятында лирик болсо да, башка акындардай эле «уктап» жаткан элдин жан дүйнөсүн «ойготууга киришип», бир нече кылымдар калыптанган нарк-насилге таянуу менен жоодой каптап келе жаткан кайдыгерликке каршы турууга, анын кырылбай жок болуп кетүүгө алып бараткан агымын жан дүйнөдөн сүрүп салууга, уят-сыйыты, таалим-тарбиясы бар элдин намыскөй каада-салтын кайрадан жандандырууга бел байлап, «сыпайы лирикадан бери өтүп», калкты ойготуш үчүн көзгө, мээге, жүрөгүн сууруп алып, жүлүнгө сая турган лирикаларды окурманга сунуштады.

Көп жылдап топтолгон улуттук проблемаларды кайрадан эл алдына көтөрүп чыгуу, мите курттай ичинен жеп келе жаткан саясий-социалдык көрүнүштөргө жарандык позициясын билдирүү ошол жылдары адабий процесс үчүн маанилүү болуп турган кезде Э.Ибраев, О.Султанов, С.Тургунбаев, Р.Рыскулов, С.Акматбекова, А.Рыскулов, А.Өмүрканов, К.Бакиров, ж. б. бирге Ш.Дүйшеев да кыргыздын бөксөрүп бараткан рухий дүйнөсүн ошол замандын образы менен сүрөттөөгө умтулду. Алар ырларында айткан көйгөй ар бир инсандын жан дүйнөсүндө термелген улутка мүнөздүү проблеманы образдуу элестетүүгө жол ачкан жана ар ким айтып жеткире албаган жарандык позицияны социумга алып чыккан бирдиктүү ой жорумга жеткирген. Бирок баарыга мүнөздүү бул көрүнүш акындын ырларында башкача образдуулукка ээ болду. Өз кезегинде анын чыгармачылыгына кайрылган Э.Нурушев: «Шайлообек өз чыгармаларында азыркы турмуштун кадимки эле кара фактыларына, саясий, экономикалык, социалдык жана гуманитардык маанидеги конкреттүү, күндүн күйүп турган актуал проблемаларына арбын кайрылды. Болгондо да ошол карандай фактологияга эстетикалык бийик ырай берип, окуган же уккан адамдын көңүл-көкөйүндө кыттай уюп калгыдай кыяпка жеткирип, анык поэзияга айлантты. Дал ушул касиет аны башкалардан аттын кашкасындай айырмалаган акындык эн белгиси болуп калды. Атүгүл улуттук поэзиядагы жаңы агымга нук салды. Көз алдыда болуп жаткан же жаңы эле болуп өткөн күнүмдүк жаңылыктан, окуядан, фактыдан коомдук резонанска ээ болгудай жогорку сапаттагы ыр жасай алган акындар кыргыздын жазма поэзиясынын тарыхында буга чейин жолуга элек болучу, жолукса да адабий теорияда «публицистикалык поэзия» аталып жүргөн жанрды Шайлообектей көркөм деңгээлге көтөрө алышкан эмес. [6]

Адабиятчынын айткан пикиринин чындыгы бар, Ш.Дүйшеевдин мына ошол «публицистикалык поэзиясынан» кийин адабий процесске айтпай коюуга мүмкүн эмес болуп турган деңгээлге келип жеткен маселелерди камтыган лирикалар «Кайдыгерлик» деген аталыш менен элге таанымал болду. Ал акындын чыгармачылыгында өзүнчө ырлар түрмөк (цикль) катары орун алса да, адабий процессте окурманга сунушталган публицистикалык ойлорду жалпылоого жетишти, б. а. мындай тематикадагы лирикалардын топтому эл каалап турган маселелерди көтөрүү менен гана чектелбестен, аламан топтун арасында бирде көрүнүп, бирде көрүнбөй келе жаткан Ш.Дүйшеев деген акындын жылдызын жандырды. Сыртынан алганда жөнөкөй бир түшүнүк сыяктуу көрүнгөн "Кайдыгерлик" аркылуу ал бир элдин элдүүлүгүнө, улут катары жашап кетүүсүнө, байыртан бери башкалар менен тизгин талашып, өзүнүн уникалдуу маданиятын, адамдык нарк-насилин сактап, тарыхта ордун тапкан улуттук маданий-эстетикалык

көрөңгөлөрдүн бөксөрүшүнө себеп болгон тарыхый-социалдык кырдаалдардын объективдүү себептери кайда экенин да ачыкка чыгарды.

Кайдыгерлик социалдык коомчулукта өзүнчө бир жөн салды жүргөн түшүнүк эместигин, анын мазмунунда далай элдин маданий-эстетикалык өнүгүүсүнө тикелей каршы турган коомдук түзүлүштү, анын жылдап касиет-сапаттарын Ш.Дүйшеев бир журтка мүнөздүү турмуш-тиричиликти сүрөттөө менен ачыкка чыгарды. Аны биз адабий процесске резонанс жараткан «Кел сүйлөшөлү?», “Эне тилин унуткандар”, “Партия менен сүйлөшүү”, «Күтүү», «Кыянаттык», “Кыргызгүл менен Кыргызбай баяны”, “Ысык-Көлдү сакта дейсиң”, «Эштек байке», “Эгемендүү Эштек”, «Арак кыргыз», “Дардаң мырза”, “Кыргыз кыз-келиндеринин ыйы”, “Бөлүнгөндөн акыры өлөт кыргыз”, “Кырк кыздын кайрадан Ала-Тоодон Алтайга сүрүлүшү”, “Муз жана Падыша”, “Ким кыргызда бактылуу”, “Демократия ашы” деген ырларынан көрөбүз. Бул ырларда кыргыз турмушу элдин өткөн доордон ала келген проблемаларын өзү менен бирге калыптанган “улуттук мүнөзү” менен айкалыштырып, бүгүнкү күнгө жетпей жаткан адамдык сапаттарды коомчулукка алып чыгат. Тактап айтканда анын ырларында берилген реалдуу турмуштук көрүнүштөр - бирди-жарым пайда болуп, анан мезгилдин өтүшү аркылуу жок боло турган социалдык кубулуштар эмес, алар - кыргыз элинин кадимки күнүмдүк тиричилигинен тартып улук катары кайрадан калыптануусуна кедергисин тийгизип жаткан коомдук-турмуштук факторлор. Ырас, андан кутулуунун жолун акын катары Ш.Дүйшеев так көрсөтө албаса да, элдин бакубат жашоосуна кедергисин тийгизип жатканын ал өткөн жана азыркы доордогу кадимки социалдык-турмуштук көрүнүштөр экендигин адабий-эстетикалык мазмун аркылуу бере алган десек, ал азыркыга чейин адабий процессте ошол маанисин жоготпой келет.

***Адабияттар***


*1. Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр-2 / Ш.Дүйшеев. – Б., 2001. – 122-б.*

*2. Жумаканова Э.М. Ш.Дүйшеевдин «Аптап» ырлар жыйнагындагы алгачкы изденүүлөрү / Э.М.Жумаканова // К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин жарчысы. – Б., 2018. - №4(46). – 35-37-б.*

*3. Жусупов К. Бүлбүлдөп жанган кош жарык. - Китепте: Сүйлөшкөндөн кийинки сөз... / К.Жусупов. – Б., 2000. – 100-б.*

*4. Алымбеков Т. Айыл жыттанган алп акын. / Т.Алымбеков// Замандаш, 2011. - №2 (91). – 58-60-б.*

*5. Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр / Ш.Дүйшеев. – Б.: Шам, 1999. – 69-б.*

*6. Нурушев Э. Айыл жыттанган акын – Шайлообек / Э.Нурушев // Жаңы Кыргызстан маданияты, 2011. - №1. - 23-февраль. – 7-б.*